КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

**Пресс-релиз**

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик ченди 9,00 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтырды

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2024-жылдын 29-июлунда эсептик ченди (негизги ченди) 9,00 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтыруу чечимин кабыл алды. Чечим 2024-жылдын 30-июлунан тартып күчүнө кирет.

Азык-түлүк товарлар тобуна баанын өсүш арымынын басаңдашынын жана баа динамикасынын сезондук факторунун таасири астында, өтүп жаткан жылдын май айынан тартып Кыргыз Республикасында инфляция орточо маанилерде сакталып турат. 2024-жылдын июль айында жылдык инфляция көрсөткүчү[1] 4,2 пайызды түздү. Инфляция түзүмүндө азык-түлүк товарларына баалардын жылдык өсүш арымы 0,6 пайыз, азык-түлүктөн башка товарларга – 7,4 пайыз, ал эми кызмат көрсөтүүлөргө – 6,8 пайыз деңгээлинде калыптанды.

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында экономикалык субъекттердин жогору керектөө жана инвестициялык жигердүүлүгү өлкөнүн экономикасынын 8,1 пайызга өсүшүн шарттады. ИДӨнүн жогору өсүш арымы курулуш жана кызмат көрсөтүү секторлорунун кыйла жогорулашынын натыйжасында түптөлдү. Мында калктын айкын кирешесинин жана акча которууларынын таза агымынын өсүшү ички керектөөнүн артышына дале таасирин тийгизүүдө.

Өлкөнүн банк секторунун абалы туруктуу жана жогору ликвиддүү бойдон калууда. Экономиканы кредиттөө 9,0 пайызга өскөндүгү байкалды (2024-жылдын биринчи жарымы), алар негизинен калкка керектөө максаттарына берилген. Улуттук банк пайыз саясатын жеңилдетишинин натыйжасында, 2024-жылдын апрель айынын акырынан тартып банктар аралык акча рыногунда кыска мөөнөттүү пайыздык чендер төмөндөгөндүгү байкалган, алар Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чендеринин төмөн чегинде калыптанган. Ички валюта рыногунда алмашуу курсунун ийкемдүүлүгү сакталып турат, ал эми өтүп жаткан жылдын апрель айынан тартып чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмүнүн ага суроо-талап көлөмүнөн жогору болушу, учурда улуттук валютанын бекемделишин шарттаган.

Геосаясий факторлордун жана дүйнөлүк финансы жана чийки зат рынокторунда жогору өзгөрүлмөлүүлүктүн сакталып турушунун алкагында тышкы экономикалык шарттар ар башка мааниде сакталып турат. Акыркы айларда азык-түлүк рынокторунда дүйнөлүк баалардын узак убакыт бою төмөндөгөндөн кийин кайрадан акырындап жогорулап жаткандыгы байкалган. Кыргыз Республикасынын айрым соода боюнча

[1] 2024-жылдын 19-июлуна карата

өнөктөш өлкөлөрүндө инфляциялык процесстер салыштырмалуу жогору деңгээлде түптөлүүдө.

Инфляциянын тышкы жана ички факторлорунун тенденцияларына баа берүүдө өтүп жаткан жылдын акырына карата жылдык инфляция көрсөткүчү орто мөөнөткө каралган максаттуу көрсөткүч – 5-7 пайыз чегинде калыптанышы белгиленген. Дүйнөлүк азык-түлүк жана чийки зат рынокторунда баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүн жана мамлекеттин тариф саясатын планга ылайык өзгөртүлгөнүн эске алуу менен, ошондой эле калктын инфляциялык күтүүлөрүн андан ары төмөндөтүү максатында Улуттук банктын эсептик чен өлчөмүн 9,00 пайыз деңгээлинде калтыруу зарылдыгы белгиленди. Кабыл алынган чечим Улуттук банктын өлкөдө баа туруктуулугун сактоого жана макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган акча-кредит саясатынын багытына туура келет.

Улуттук банк тышкы жана ички инфляция факторлоруна баа берип турат жана тышкы чөйрөдө дале сакталып турган тобокелдиктерди эске алуу менен кылдат акча-кредит саясатын жүргүзүүнү улантууда.

Улуттук банк кандайдыр бир тобокелдиктер пайда болгон учурда жүргүзүлүп жаткан монетардык саясатка кошумча өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселеси боюнча кийинки план чегинде отуруму 2024-жылдын 26-августунда өтөт.